ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Б. СЫДЫКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

К 08.22.656 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

*Кол жазма укугунда*
УДК 338.439

**Асанов Мирлан Алимбекович**

# РЕГИОНДУН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮСҮНДӨ АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ МЕХАНИЗМИН ӨРКҮНДӨТҮҮ (ОШ ОБЛУСУНУН МИСАЛЫНДА)

08.00.05 – тармактык экономика

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн диссертациянын
**Автореферат**ы

**Ош – 2023**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин “Бухгалтердик эсеп жана экономикалык анализ” кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | **Култаев Топчубай Чокоевич,**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор,<br>Ош мамлекеттик университетинин<br>“Бухгалтердик эсеп жана экономикалык анализ”<br>кафедрасынын профессору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Гыязов Айдарбек Токторович,**<br>экономика илимдеринин доктору, доцент,<br>Баткен мамлекеттик университетинин ректору<br><br>**Абылов Рысбек Абдыкаримович**<br>экономика илимдеринин кандидаты,<br>Ош мамлекеттик педагогикалык<br>университетинин доцентинин<br>милдетин аткаруучу |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук<br>университетинин “Экономика” кафедрасы 720000,<br>Бишкек шаары Жибек Жолу көчөсү 394 |

Диссертацияны коргоо 2023-жылдын 30-ноябрында саат 14:00 дө Ош мамлекеттик университетинин жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдындагы К 08.22.656 диссертациялык кеңешинин отурумунда өткөрүлөт, дареги: 723500, Кыргыз Республикасы, Ош ш., Масалиев проспектиси 80, 509-аудитория.

Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/082-ycm-vdp-yrv.

Диссертация менен ОшМУнун китепканасынан (714000, Кыргыз Республикасы, Ош ш., Ленин көч., 331), жана Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин китепканасынан (714000, Кыргыз Республикасы, Ош ш., Г. Айтиев көч., 27), ошондой эле КРП УАКнын https://vak.kg/k_08_22_656/102923/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2023-жылдын 27-октябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин кандидаты Исманалиев К.И.

## ИШКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Азык-түлүк көйгөйү азыркы адамзаттын глобалдык маселелеринин бирине айланууда. Анын курчушу азык-түлүк продукцияларын өндүрүүгө караганда калктын муктаждыктарынын өсүү темптеринин бийиктиги жана тамак-аш азыктарын өндүрүү үчүн керек болгон ресурстардын азайышы менен шартталган. Кырдаалды COVID-19 пандемиясынан улам келип чыккан глобалдык көйгөйлөр курчутту. БУУнун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы (БДАТП) миллиондогон адамдардын киреше булактарынын жок болушуна, азык-түлүктүн бааларынын кескин көтөрүлүшүнө, көп өлкөлөрдүн чек араларынын жабылышына, экономикалык каатчылыкка алып келген коронавирус пандемиясынын кесепети катары экинчи пандемия – ачарчылык пандемиясы бышып жетилгендигин эскертүүдө. АТАЧУнун (ФАО) эсептөөлөрү боюнча, 2021-ж. азык-түлүк коопсуздугунун орточо жана курч жетишсиздиги шарттарында планетанын калкынын 30% (2,3 млрд. адам) жашаган, бул 2019-ж. салыштырмалуу 350 млн. адамга көп. Бул кооптуу тенденция менен күрөшүү боюнча кечиктирилгис, чечкиндүү жана масштабдуу иш-чаралар талап кылынууда.

Кыргызстанда жакырчылыктын жогорку деңгээли калктын көпчүлүк бөлүгүнүн өзүнүн рационалдуу тамактануусун камсыздоого жөндөмсүздүгүн шарттайт. БУУнун БДАТУнун маалыматтарына ылайык өлкөдө 1,5 млн. адам начар тамактанат, калктын 27% азык-түлүктун жетишсиздигинен жабыркайт. 9 базалык азыктын ичинен биз өзүбүздү 4 позиция менен гана камсыздай алабыз. Доллардын курсунун өсүшүнөн, дүйнөлүк каатчылыктан, Россия менен Украинанын ортосундагы согуштук конфликттен улам 2022-ж. башынан тартып базалык тамак-аш азыктарынын баалары кескин жогорулады.

Кыргызстандын азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн азык-түлүк товарларынын импортунун көлөмдөрүнүн көбөйүшү да курчутууда. Натыйжалуулугу төмөн агроөнөр жай сектору негизги тамак-аш азыктарынын импортунан жана азык-түлүктүн дүйнөлүк бааларынын өзгөрүшүнөн көз карандылыкты күчөтүүдө, бул калктын аз камсыз болгон катмарларынын сатып алуучулук жөндөмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизип жатат. Тамак-аш азыктарынын импортунун үлүшү республикада 80% түзөт, өндүрүлгөн айыл чарба продукциясынын 10% гана кайра иштетилет.

Азык-түлүк менен камсыз кылуу көйгөйү адамзаттын жашоосунун жүрүшүндө ар дайым болуп келгенине карабастан, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жаатында теориялык ачылыштар анча көп эмес. Адабияттарды улуттук азык-түлүк коопсуздугун туруктуу өнүгүүнүн негизинде комплекстүү камсыз кылуу маселеси жетишерлик чагылдырылган эмес, бул жаатта региондук деңгээлдеги изилдөөлөр аз. Азык-түлүк коопсуздугу көйгөйүн чечүү системалуу анализди жана чечүүнүн оптималдуу жолдорун иштеп чыгууну талап кылат. Мындан улам, мамлекеттик деңгээлде да, региондук деңгээлде да туруктуу өнүгүү контекстинде азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу механизмин изилдөөнү актуалдуу жана маанилүү деп эсептейбиз.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), негизги илим-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш 2018-2040-ж.ж. мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын, 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасында туруктуу азык-түлүк системаларын жайылтуу программасынын, Кыргыз Республикасында 2019-2023-ж.ж. азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу программасынын алкагында аткарылды.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** болуп агроөнөр жай өндүрүшүн, агроазык-түлүк рыногун жана калкты азык-түлүк менен камсыздоонун азык-түлүк инфраструктурасын туруктуу өнүктүрүүнүн базасында Кыргыз Республикасынын региондорунун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу механизмин иштеп чыгуу саналат. Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн **төмөнкү милдеттер** коюлду жана чечилди:

- изилдөөнүн категориялык аппаратын тактоо, «азык-түлүк коопсуздугу» категориясынын экономикалык маани-маңызын жана анын туруктуу өнүгүү менен өз ара байланышын ачып көрсөтүү;
- региондун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу маселесин чечүү жолдорун системалаштыруу;
- азык-түлүк коопсуздугун баалоого методологиялык көз караштарды жалпылоо, анын жогорулашын камсыздаган факторлордун системасын толуктоо;
- Кыргызстандын жана анын региондорунун азык-түлүк коопсуздугуна комплекстүү экономикалык баа берүү;
- мамлекеттик жана региондук азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу саясатынын артыкчылыктуу багыттарын негиздөө;
- региондун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** туруктуу өнүктүрүүнүн базасында региондун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу механизмин өркүндөтүү боюнча теориялык жана усулдук жоболорду тактоодо жана өнүктүрүүдө турат. Илимий жаңылыктын конкреттүү элементтери төмөнкүлөр:

– ченемдик-укуктук актыларды жана ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн илимий эмгектеринин изилдөөнүн негизинде азык-түлүк коопсуздугу жана аны камсыз кылуу механизмдери түшүнүктөрүнүн мазмунуна айрым түзөтүүлөр киргизилди;

– өлкөнүн жана анын региондорунун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу стратегиялык маселесине көз караштар туруктуу өнүгүүгө басым жасоо менен системалаштырылды;

– азык-түлүк коопсуздугун баалоонун критерийлери такталды жана толукталды; региондун азык-түлүк коопсуздугун жогорулатууга таасирин тийгизген факторлор аныкталды жана системалаштырылды;

– Кыргыз Республикасынын жана Ош облусунун азык-түлүк коопсуздугунун, калктын тамактануусунун жана тамак-аш азыктарына төлөм жөндөмдүүлүгүнүн учурдагы абалына комплекстүү баа берилди;

– АӨЖКнин жана агроазык-түлүк рыногунун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу контекстинен Кыргызстандын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу саясатынын артыкчылыктуу багыттары негизделди жана сунуш кылынды;

– региондун агроазык-түлүк системасын өнүктүрүүнүн базасында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун уюштуруу-экономикалык механизми жана концептуалдык модели сунуш кылынды.

**Коргоого** диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгын камтыган төмөнкү элементтери жана **жоболору алынып чыгууда**:

1) региондун азык-түлүк коопсуздугунун маңызына жана мазмунуна автор тарабынан кийирилген ар бир адамдын конкреттүү аймакта дени сак жана жемиштүү жашоо өткөрүшү үчүн керектүү азыктардын саны менен камсыз болушу, ошол аймакта анын азык түлүк менен туруктуу жана кепилденген камсыз кылынышы катары тактоолор; «өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугу» термининин чечмеленишине өлкөнүн, региондун жана жарандын азык-түлүк менен камсыз кылынышы үчүн мамлекеттин жоопкерчилигин кошуу сунушталды;

2) өлкөнүн жана анын региондорун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун автор тарабынан аныкталган стратегиялык маселелери жана системалаштырылган көз караштар;

3) азык-түлүк коопсуздугун баалоонун такталган жана толукталган критерийлери: тамак-аш рационунун компоненттерине жана энергетикалык курамына физиологиялык муктаждыктарга канааттануу даражасы, ата мекендик өндүрүштүн жана импортолгон тамак-аш азыктарынын коопсуздук көрсөткүчтөрү боюнча талаптарга жооп бериши, азык-түлүк ресурстарынын жана калктын ар кандай категориялары үчүн рационалдуу азыктанууга каражаттардын физикалык жана экономикалык жактан жеткиликтүүлүгү, региондун азык-түлүк менен камсыздалышынын жана АӨЖКин ресурстук камсыздоонун импорттук жеткирип берүүлөрдөн көз карандылык деңгээли, азык-түлүк запастарынын ченемдик муктаждыктарга жараша көлөмү;

4) Кыргыз Республикасынын жана анын региондорунун азык-түлүк менен камсыз кылынышын комплекстүү баалоонун натыйжасында аныкталган көйгөйлөр, калктын санынын бийик өсүү темптеринде айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүнүн төмөн өсүү темптери; республиканын базалык азыктар боюнча импорттон азык-түлүк көз карандылыгы; эт жана эт азыктарын, кумшекерди, жумуртканы керектөөнүн жетишсиздиги; өндүрүштүн майда товардык мүнөзүнөн улам базалык тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн төмөн продукттуулугу;

5) Кыргызстандын түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана агроөнөр жай өндүрүшүн жана агроазык-түлүк рыногун туруктуу өнүктүрүү мамлекеттик саясатынын негизделген артыкчылыктуу багыттары;

6) автор тарабынан сунуш кылынган түз мамлекеттик каржылык жана кыйыр акча-насыялык жөнгө салуунун, пландоонун жана башкаруунун программалык-максаттуу ыкмасын пайдалуунун, материалдык агымдарды жөнгө салуунун негизинде региондун айыл чарба өндүрүшүн жана азык-түлүк

ишмердүүлүгүн туруктуу өнүктүрүүнүн натыйжасында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун уюштуруу-экономикалык механизми; ошондой эле региондун агроазык-түлүк секторуна баа стимулдарынын, бюджеттик субсидиялардын жана башка мамлекеттин АӨЖКин өнүктүрүү жаатындагы саясатынын колдоо көрсөтүү чараларынын негизинде калктын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу модели.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү**. Диссертациялык иште калыптандырылган жоболор жана тыянактар тамак-аш азыктарын сатуу жана керектөө боюнча агроөнөр жай секторунда өндүрүштү уюштуруу тажрыйбасында, ошондой эле керектөөчүлүк рыноктордун ишинде пайдаланылышы мүмкүн. Иште иштелип чыккан сунуштарды жана сунуштамаларды колдонуу АӨЖКинин секторлорунун макулдашылган аракеттерин камсыз кылууга, ошондой эле тамак-аш азыктарынын рыноктун ар түрдүү каналдары жана керектөөчүлүк сегменттери боюнча кыймылын жана керектөөнү жөнгө салууга шарт түзөт.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Автор тарабынан аймактардын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун теориялык-усулдук аспектилери терең изилденди жана жалпыланды, Кыргызстандын калкынын азык-түлүк менен камсыз болушунун азыркы абалы жана көйгөйлөрү изилденди, республиканын региондорунун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу механизмин өркүндөтүү боюнча сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын сыноодон өткөрүлүшү**. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда, форумдарда, семинарларда баяндалды жана жактырылды.

Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү илимий-практикалык конференцияларда талкууланды: «Актуальные проблемы развития образования и науки в условиях глобализации» (Казакстан Республикасы, Алматы ш., 2014-жыл); «Инновация в технике и технологии» (Тажикстан Республикасы, Исфара ш., 2015-жыл); «Финансово-кредитные механизмы регулирования и развития экономики стран СНГ» (Тажикстан Республикасы, Душанбе ш., 2019-жыл); «Вопросы управления и экономики: своременное состояние актуальных проблем» (Россия Федерациясы, Москва ш., 2023-жыл); «Актуальные вопросы своременных научных исследований» (Россия Федерациясы, Москва ш., 2023-жыл).

**Диссертациянын жыйынтыктарынын публикацияларда толук чагылдырылышы**. Диссертациялык иштин негизги жоболору автордун изилдөөнүн темасы боюнча жалпы көлөмү 6 басма табакты түзгөн, Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлүк басылмаларда жарыяланган 27 илимий макаласында чагылдырылган. Басылмалар боюнча жалпы көрсөткүч 237 балл.

**Иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан турган негизги бөлүмдөн, тыянактардан жана 199 аталыштагы колдонулган булактардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 182 беттен туруп, 35 таблицаны, 23 сүрөттү камтыйт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу негизделип, артыкчылыктуу илимий багыттар менен байланышы, максаты жана милдеттери, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы аныкталган, алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү жана изденүүчүнүн жекече салымы чагылдырылды.

Биринчи **«Туруктуу өнүгүү шарттарында региондун азык-түлүк коопсуздугун изилдөөнүн теориялык-методологиялык аспектилери»** деп аталган бапта аймактардын азык-түлүк коопсуздугунун маани-маңызы, мазмуну жана факторлору изилденди, региондун туруктуу өнүгүшү жана азык-түлүк коопсуздугу категорияларынын өз ара байланышы жана бири-биринен көз карандылыгы чечмеленди; ошондой эле туруктуу өнүгүү контекстинен азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу маселесин чечүү жолдору каралды.

Азык-түлүк көйгөйүнүн теориялык-методологиялык аспектилери глобалдык масштабда, мамлекеттин жана региондун деңгээлинде А.И. Алтухов (2006, 2014), Е.Н. Антамошкина (2014), А.Р. Батталова (2016), В.И.Власов (2001), П.В. Водясов (2016), З.В. Герасимчук (2019), О.И. Гойчук (2004), В.Г.Гусаков (2008), В.И. Добросоцкий (2019), И.И. Костусенко (2009), А.И.Костяев (2014), Э.Н. Крылатых (2014), А.А. Лысоченко (2009), Э.Б.Найданова (2015), З.М. Ильина, Н.Н. Батова (2008), И.С. Фасихов (2017), Н.Шагайда (2015), Т.М. Яркова (2019) ж.б. тарабынан изилденген.

Региондордун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу көйгөйлөрү жана перспективалары алардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү контекстинен Кендюх Е.И. (2014), Лаборде Д. (2021), Мельников Б.А. (2018), Мухаметгалиев Ф.Н. (2009), Олимов И.А. (2018), Шоба С.А., Ромашкин Р.А. (2022), Саблук П.Т. (2008), Ускова Т.В. (2014), Ушачев И.Г. (2008), Черногор И.А. (2014), Четаева К.Г. (2022), Шамин А.Е. (2011) ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.

Абдымаликов К.А. (2009), Абылов Р.А. (2014), Айбашев (2018), Алимжанова Д.Р. (2016), Джаилов Д.С. (2008, 2019), Жумабаев Ж. (2005), Закиров А.З. (2014), Зулпукаров А.З. (2005), Кумсков Г.В. (2020), Купуев П.К. (2017), Ташбаев А.М. (2015) сыяктуу кыргыз окумуштууларынын эмгектери АӨЖКин өнүктүрүүнүн жана анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогортулатуунун негизинде азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу маселелерине арналган. Региондордун деңгээлинде азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун ар кандай аспектилери Алимжанова Д.Р. (2016), Бекенов С.С. (2005), Измайлов К. (2017), Калиев Г.А. (2008), Касейинов К.У. (2014), Касымбекова Л.Б. (2017), Момунов У.Н. (2017), Токобаев Н.К. (2016), Халилова М.В. (2012) ж.б. тарабынан изилденген.

«Азык-түлүк коопсуздугу» термини 1972-1973-жылдардагы дан каатчылыгынан кийин расмий түрдө киргизилген. 1974-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан АТАЧУнун сунуштамаларынын негизинде «Дүйнөдө азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча эл аралык милдеттенмелер» иштелип чыгып, бекитилген, анда азык-түлүк коопсуздугуна өлкөнүн калкынын кеңири ассортименттеги атаандаштык жөндөмдүүлүгү жогору ата


мекендик тамак-аш азыктарына болгон сандык-сапаттык муктаждыктарын өндүрүүнү жана канааттандырууну камсыз кылган чаралардын системы катары аныктама берилген [Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө Рим декларациясы. Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк саммити. – 1996-ж. 13-17-ноябры. - Рим, Италия].

«Азык-түлүк коопсуздугу» түшүнүгүнүн ченемдик-укуктук булактарда жана экономикалык адабияттарда келтирилген ар түрдүү аныктамаларын талдап чыгып, бул түшүнүккө өлкөнүн азык-түлүк менен өзүн-өзү камсыз кылышы да, калктын тамактануусунун тең салмактуулугу менен толук кандуулугу да, азык-түлүктүн сапаты да, анын жеткиликтүүлүгү да, калктын азык-түлүк менен камсыз болушуна мамлекеттин жоопкерчилиги да кирет деп тыянак чыгарууга болот. Биздин оюбузча, азык-түлүк коопсуздугу – комплекстүү көйгөй, ал АӨЖКин туруктуу өнүктүрүүгө жетишүү шартында гана чечилиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасында «азык-түлүк коопсуздугу» термини расмий жүгүртүүгө 2008-жылы «Азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө» мыйзамынын кабыл алынышы менен кирген, ал экономиканын: (1) өлкөнүн азык-түлүк көз карандысыздыгы камсыз кылынган жана азык-түлүктүн тамак-аш азыктарын керектөөнүн бекитилген минималдык нормаларына ылайык (2) калк үчүн физикалык (3) жана экономикалык жактан (4) жеткиликтүүлүгү кепилденген абалы катары аныкталат. Кыргызстандын азык-түлүк коопсуздугунун аныктамасынын Казакстандын жана Россиянын мыйзамдарындагы аныктамалардан айырмасы бизде сапат жана коопсуздук критерийлери жок экендигинде турат. Бул талаптар 7-беренеде каралган, анда «азык-түлүк товарларынын сапаты жана коопсуздугу... техникалык регламенттерде, санитардык, ветеринардык, фитосанитардык нормаларда жана эрежелерде коюлган талаптарга жооп бериши керек» деп белгиленген [Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө [Текст]: КРнын мыйзамы. – № 183. – 2008-жылдын 4-августу].

Камсыз кылуу деңгээли боюнча дүйнөлүк, улуттук жана региондук азык-түлүк коопсуздугун айырмалашат. Региондун деңгээлинде азык-түлүк коопсуздугун конкреттүү аймакта ар бир адамдын дени сак жана жемиштүү жашашы үчүн керектүү нерселер менен камсыз кылуу, регионду эске алганда туруктуу жана кепилденген азык-түлүк менен камсыз кылуу катары чечмелөөгө болот.

Азык-түлүк коопсуздугу көйгөйү, жок дегенде, төрт блогун: азыктык, каржылык, медициналык, маданий жана моралдык камсыздоону эске алышы керек деп эсептейбиз (1-сүрөт).




1-сүрөт. Индивиддин азык-түлүк көйгөйүнүн архитектурасы

Булагы: автор тарабынан түзүлдү

Демек, азык-түлүк коопсуздугунун бузулушу экономикалык жана социалдык факторлордун, коомдо маалыматтын жоктугунун жана тамактанууда калыптанып калган салттардын, имиштерге жана күмөндүү жарнамаларга ишенүүнүн таасиринде жүрүшү мүмкүн.

Биздин оюбузча, азык-түлүк коопсуздугуна негизги коркунучтарга рынокто импорттук продукциянын каныккан ички рыноктун чектүү маанилеринен жогору көлөмдө болушун, азык-түлүктүн импортунун мониторингинин жоктугун, инфраструктуранын начар өнүгүшүн, квалификациялуу кадрлардын таңкыстыгын, азык-түлүккө төлөм жөндөмдүүлүгү жок суроо-талапты жана баалардагы диспропорцияларды киргизүүгө болот.

Чет өлкөлүк жана ата мекендик экономикалык адабияттарды, ошондой эле азык-түлүк коопсуздугу жаатындагы ченемдик-укуктук актыларды изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй тыянактар жасалды:

- биринчиден, «азык-түлүк коопсуздугу» түшүнүгүн чечмелөөдө өлкөнүн жана жарандардын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн мамлекеттин жоопкерчилиги чагылдырылууга тийиш. Ошондой эле бул түшүнүк калктын саламаттыгын сактоо үчүн муктаждыктардын деңгээлин; азык-түлүктү керектөөнүн талап кылынган жана сапаттык деңгээлинин экономикалык жана физикалык жактан жеткиликтүүлүгүн, азык-түлүк продукциясына муктаждыкты канааттандыруунун булактарын камтышы керек;

- экинчиден, азык-түлүк коопсуздугунун объектилерине, дүйнөлүк коомчулук менен катар, мамлекетти да, региондорду да, үй чарбалары менен ар бир жаранды да киргизүү зарыл.

Туруктуу өнүгүү жана азык-түлүк коопсуздугу категорияларыны өз ара байланышы илимий жана практикалык кызыгуу жаратат. Туруктуу өнүгүү «азыркы муундардын муктаждыктары болочок муундардын өздөрүнүн муктаждыктарын канааттандыруу мүмкүнчүлүктөрүнө зыянын тийгизбегендей кылып канааттандырылган өнүгүү» катары адамзаттын социалдык көйгөйлөрүн айлана-чөйрөнүн деградацияланышына алып келбестен чечүүгө мүмкүндүк берген экономикалык өсүүнү билдирет. БУУнун маалыматына ылайык жалпысынан айыл чарба ресурстары менен технологиялары саны өсүп жаткан калкты тоюндурууга жетет, бирок «азык-түлүк ага муктаждык болгон жерде өндүрүрүлгөндөй, жана айылдардагы жакырларды жашоо үчүн каражаттар менен камсыздагандай» саясат керек [Биздин жалпы келечегибиз: Айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча эл аралык комиссиянын (МКОСР) баяндамасы ": Англ. которулган / С.А.Евтеев жана Р.А. Перелеттун ред алд. - М.: Прогресс, 1989].

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу көйгөйүн чечүү үчүн стратегиялык ыкманы колдонууну сунуш кылабыз, ал мазмуну боюнча азык-түлүк көйгөйүн чечүүнүн илимий негиздерин иштеп чыгууну; азык-түлүк коопсуздугунун бардык түзүүчүлөрүн прогноздоону; маселени чечүүнүн орто мөөнөттүк параметрлерин иштеп чыгууну; ресурстарды теңдештирүүнү камтыйт. Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы натыйжалуу саясаттын негизинде коомдун ар түрдүү топторунун, эң оболу, азык-түлүк коопсуздугу чөйрөсүндөгү мамилелердин субъектилеринин - азык-түлүктү

керектөөчүлөр менен аны өндүрүүчүлөрдүн жана импорттоочулардын кызыкчылыктарынын ортосундагы туруктуу баланс жатышы керек.

Мамлекет ата мекендик өндүрүүчүлөрдү чет өлкөлүк өндүрүүчүлөрдөн атаандаштык күрөштөн, биринчи кезекте, бажы барьерлери менен коргоого, жана субсидиялоо менен экспортко колдоо көрсөтүүгө тийиш. АӨЖКин туруктуу өнүктүрүү саясатын улуттук азык-түлүк коопсуздугунун контекстинен ишке ашыруу зарыл.

Экинчи **«Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугунун жана калкынын азык-түлүк менен камсыз болушунун азыркы абалы»** деп аталган бапта аймактардын азык-түлүк коопсуздугун баалоо методикасы жалпыланды жана критерийлери такталды; Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугунун абалына баа берилди; Кыргыз Республикасынын жана Ош облусунун азык-түлүк коопсуздугунун, азык-түлүк рынокторунун, калктын азык-түлүк чыгымдарынын жана тамактануусунун анализи жасалды.

Диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана методологиялык базасын азыркы экономикалык адабияттарда чагылдырылган фундаменталдык эмгектер, концепциялар жана гипотезалар түздү. Изилдөөнүн жүрүшүндө атайын адабияттар, илимий конференциялардын материалдары, ченемдик-укуктук, программалык жана нускамалык документтер, статистикалык булактар, монографиялар жана мезгилдик басылмалар өздөштүрүлдү. Изилдөөдө диалектикалык, системалык ыкмалар, абстракттуу-логикалык анализ, анализдин экономикалык-статистикалык ыкмалары, социологиялык сурамжылоо, логикалык моделдештирүү ж.б. ыкмалар колдонулду.

**Изилдөөнүн предмети** болуп региондордун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун уюштуруу-экономикалык механизми саналды. **Изилдөөнүн объектиси** катары Кыргыз Республикасынын жана Ош облусунун азык-түлүк коопсуздугунун жана агроөнөр жай комплексинин абалы изилденди.

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда аны баалоонун критерийлерин аныктоо маанилүү. Алсак, чечүүчү критерий катары азык-түлүктүн эң маанилүү түрлөрүн белгиленген көлөмдөрдө өзүбүздө өндүрүүнүн деңгээли колдонулат. Негизги тамак-аш азыктарынын 80%ынан кем эмеси өзүндө өндүрүлгөн өлкө азык-түлүк коопсуздугу жаатында ийгиликтүү деп эсептелет. Бул учурда өлкө тышкы азык-түлүк рынокторунан көз карандысыздыкка, азык-түлүк менен өзүн өзү камсыздоого жетишет.

Кыргыз Республикасынын “Азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө” мыйзамынын 9-беренесине ылайык өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугу төмөнкү учурларда: 1) эгерде мамлекеттик материалдык резервдин запастарынын деңгээли калктын социалдык жактан аярлуу катмарларынын негизги тамак-аш азыктарына 90-күндөн аз эмес муктаждыктарына жетсе; 2) эгерде республиканын мамлекеттик бюджети негизги тамак-аш азыктарын жеткирип берүүнү каржылоо мүмкүнчүлүктөрүн ээ болсо; 3) эгерде тамак-аш азыктарынын сапаты, калориялуулугу жана коопсуздугу Кыргыз Республикасынын аракеттеги ченемдик талаптарына жооп бериши камсыздалган болсо камсыз кылынган деп эсептелет [Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө [Текст]: КРнын мыйзамы. – № 183. – 04.08.2008-ж.].

Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугунун мониторинги жана индикаторлору жөнүндө жободо республикада жана региондордо азык-түлүк коопсуздугунун абалынын мониторингин жүргүзүү үчүн көрсөткүчтөрдүн төмөнкү тизмеги белгиленген[КР азык-түлүк коопсуздугунун мониторинги жана индикаторлору жөнүндө жобо: КР Өкмөтүнүн токтому. - № 1383. – 2009]:

- өлкөнүн жана региондордун азык-түлүк коопсуздугунун деңгээли;
- улуттук азык-түлүк коопсуздугунун деңгээлин региондордун алкагында баалоо үчүн базалык тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн көлөмдөрү;
- республиканын калкынын азык-түлүктү керектөөнүн физиологиялык жана минималдык нормаларга ылайык керектөөсүнүн деңгээли;
- ички азык-түлүк рыногунун көлөмдөрү, негизги тамак-аш азыктарын өзүбүздө өндүрүүнүн деңгээли жана импорттун деңгээли. Мында азык-түлүк коопсуздугунун азык-түлүктүн импортуна карата кооптуу чеги болуп 40-50% эсептелет;
- айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө колдоо көрсөтүүнүн деңгээли өндүрүлгөн продукциянын улуттук валютадагы бирдиги менен санаганда;
- азык-түлүк рынокторунун өнүгүшү жана алардын калкты азык-түлүк менен камсыз кылууга таасири;
- калктын тамактанууга чыгымдары.

Азык-түлүк, каржылык, медициналык жана маданий камсыздоо жагынан үй чарбаларынын суроо-талаптарын канааттандырууну изилдөө илимий кызыгууну жаратат. Азык-түлүк коопсуздугу биринчи кезекте калктын жан башына керектөөнүн жалпы деңгээли менен шартталат. Ошол эле учурда, калктын ар кандай жыныстык, кесиптик топторунун тамак-аш керектөөсүн аныктоо кыйын. Калктын жан башына тамак-аш азыктарын керектөө керектөө деңгээли боюнча гана эмес, ошондой эле азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга түздөн-түз таасир этүүчү секторлордун экономикалык абалы, анын ичинде айыл чарбасы, айыл чарба сырьесун кайра иштетүү, саламаттык сактоо жана калкты иш менен камсыз кылуу чөйрөсү менен мүноздөлөт.


Калктын жан башына тамак-аш азыктарын керектөө көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы 1-таблицада чагылдырылган.

**1-таблица.2017-2021-жылдардагы Кыргыз Республикасында калктын жан башына тамак - аш азыктарын керектөө (жылына кг менен)**

| Тамак-аш азыктары | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2021-ж. 2017-ж. карата % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Нан азыктары (ун, ун, акшак жана буурчак өсүмдүктөрүнө кайра эсептегенде нан жана макарон азыктары) | 118 | 106 | 79 | 113,8 | 113,6 | 96,3 |
| Эт жана эт азыктары | 38,5 | 40,3 | 41,9 | 42 | 43,3 | 112,5 |
| Сүт жана сүт азыктары | 223,2 | 218,8 | 216,4 | 213,3 | 214,2 | 96,0 |
| Жумуртка, даана | 86 | 86,4 | 94,3 | 97,1 | 101,2 | 117,7 |
| Балык жана балык азыктары | 0,9 | 1,1 | 0,6 | 0,9 | 1,4 | 155,6 |
| Шекер | 22,8 | 29,5 | 25,0 | 12,7 | 21,6 | 94,7 |
| Өсүмдүк майы | 10,3 | 9,5 | 9,6 | 9,8 | 11 | 106,8 |
| Картошка | 106,6 | 137 | 122,5 | 106,3 | 108,0 | 101,3 |
| Жашылча жана бакча өсүмдүктөрү | 174 | 182 | 160 | 178 | - | 0,0 |
| Жемиштер жана мөмөлөр | 42,8 | 33,5 | 41,9 | 32,1 | 31,6 | 73,8 |

Булак: “Кыргызстан сандар менен” маалыматы боюнча эсептелген

Жакырчылык менен толук кандуу рациондун жеткиликтүү эместигинин ортосунда байланыш болгондугуна карабастан, жеткиликсиздик көрсөткүчү жакырчылык көрсөткүчтөрү менен дал келбейт. 2-сүрөттө 2021-жылга жеткиликсиздик көрсөткүчтөрү жакырчылыктын чегинде (киши башына 2,32 АКШ долларына) жашаган үй чарбаларынын пайызы менен салыштырылды. Диаграммадан Чүй, Нарын жана Ош облустарында бул эки көрсөткүч дал келгени көрүнүп турат. Башка облустарда алардын ортосундагы айырма толук кандуу рациондун наркы үй чарбаларынын бакубаттуулук деңгээлин эмес, жеткиликсиздик деңгээлин аныктайт. Мисалга алсак, Ош шаарында жакырчылыктын чегинде жашаган үй чарбаларынын пайызы өлкө боюнча орточо деңгээлге жакын, ал эми жеткиликтүү эместик деңгээли өлкөдөгү орточо көрсөткүчтөн жогору, бул ушул шаарда толук кандуу рациондун наркы өлкөдөгү орточо көрсөткүчтөн жогору экендиги менен түшүндүрүлөт.




2-сүрөт. КРнын региондорунда толук кандуу рациондун жеткиликтүү эместиги менен жакырчылыктын чегинде жашаган үй чарабаларынын пайызын салыштыруу

Булагы: автор тарабынан stat.kg маалыматтарынын негизинде түзүлдү

Региондун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда анын экономикалык көрсөткүчтөрү маанилүү роль ойнойт. Ош облусунун 2017-2021-жылдардагы негизги көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү динамикасы 2-таблицада чагылдырылган.

Алсак, Ош облусунун региондук дүң продукциясы 37248,1 млн сомдон 2017-жылы 56666,5 млн сомго чейин көбөйдү (өсүш 52,1%). Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү жана продукцияны сатуудан, кызмат көрсөтүүдөн түшкөн дүң киреше ушул мезгил ичинде дээрлик 3 эсеге көбөйдү. Ош облусунда айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукцияларын дүң чыгаруунун көлөмү 2021-жылы 62241,1 млн.сомду түздү, 5 үчүн көрсөткүчтүн өсүшү 60,1% ды түздү. Негизги капиталга инвестициялардын көрсөткүчү боюнча терс тенденция байкалууда, алардын өлчөмү 2018-жылдан тартып төмөндөй баштады.

**2-таблица.Ош облусунун 2017-2021-жылдардагы негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнө анализ**

| | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2021-ж. 2017-ж. карата % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Региондук дүң продукт (учурдагы баалар менен), млн. сом | 37248,1 | 42540,5 | 44079,3 | 47183,5 | 56666,5 | 152,1 |
| Калктын жан башына региондук дүң продукт( учурдагы баалар менен), сом | 31141,3 | 34775,2 | 35255,0 | 37000,9 | 43640,0 | 140,1 |
| Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү, млн сом | 4772,2 | 9621,1 | 10385,6 | 9457,8 | 13516,8 | 283,2 |
| Айыл чарбасынын, аңчылыктын жана токой чарбасынын продукцияларынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 39952,9 | 41266,9 | 41851,7 | 49208,2 | 63958,0 | 160,1 |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо, млн сом | 37386,4 | 42258,1 | 44980,3 | 37473,1 | 48279,8 | 129,1 |
| Продукцияны (жумуштарды, кызматтарды) сатуудан түшкөн киреше (дүң киреше), млн сом | 5408,6 | 10659,2 | 21293,7 | 17308,3 | 15220,2 | 281,4 |
| Негизги капиталга инвестициялар (капиталдык салымдар), млн сом | 5725,9 | 7897,7 | 6889,8 | 5088,1 | 5481,1 | 95,7 |
| Жашоо минимуму (калктын жан башына орточо), айына сом менен | 4984,22 | 5122,63 | 5002,62 | 5540,92 | 6299,90 | 126,4 |
| Минималдуу керектөө бюджети, сом | 4984,22 | 5122,63 | 5002,62 | 5540,92 | 6299,90 | 126,4 |
| Жакырчылыктын деңгээли, % | 14,3 | 14,8 | 14 | 18,8 | 23,80 | 166,4 |
| Ишканалардын жана уюмдардын кызматкерлеринин орточо айлык эмгек акысы, сом менен | 10180 | 10307 | 11368 | 12712 | 12557 | 123,3 |
| Жан башына орточо деңгээлдин катышы | 103,04 | 105,09 | 104 | 101,34 | 104,13 | 101,05 |

Булак: КРнын Улуттукстаткомунун маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлгөн [www.stat.kg]

Ош облусунун калкынын акчалай кирешелеринин түзүмүндө 66,1% эмгек ишмердигинен кирешелер, 11,2% мигранттардан которуулары, 16,6% социалдык трансферттер, 13,5% көмөкчү чарбалардын кирешелери жана 3,8% башка кирешелер ээлейт.

Ош облусунда бир жумушчунун орточо айлык эмгек акысы 2021-жылы 12557 сомду түздү жана 2017-жылга салыштырмалуу 23,3% га жогорулаган. Республиканын региондору боюнча Ош облусунда эмгек акынын деңгээли эмгек ресурстарынын көптүгү, региондогу калктын жыштыгы, жумуш орундарынын тартыштыгы боюнча эң төмөн болуп саналат.


3-таблицада Ош облусунын райондору боюнча орточо айлык эмгек акы тууралуу маалыматтар чагылдырылган. Номиналдык эмгек акынын орточо айлык өлчөмүнүн эң жогорку деңгээли Алай, Чоң-Алай жана Кара-Суу райондорунда белгиленген, көрсөткүч Араван, Ноокат жана Өзгөн райондорунда төмөн маанилерге ээ, ушул эле райондордо анын өсүү темпинин төмөндөшү байкалат.

**3-таблица. Ош облусунун райондору жана Ош шаары боюнча номиналдык орточо айлык эмгек акынын анализи**

| | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2021-ж. жылдарга % менен | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | 2017-ж. | 2020-ж. |
| Кыргыз Республикасы | 15670 | 16427 | 17232 | 18940 | 19330 | 101,2 | 102,1 |
| Ош облусу | 10 180 | 10 307 | 11 368 | 12712 | 12 557 | 101,2 | 98,8 |
| Алай району | 12048 | 12 786 | 13 862 | 16137 | 16 006 | 101,3 | 99,2 |
| Араван району | 8741 | 8 978 | 9 687 | 11177 | 11 049 | 101,3 | 98,9 |
| Кара-Суу району | 9909 | 9 972 | 10 885 | 11948 | 13 434 | 101,3 | 112,4 |
| Ноокат району | 9116 | 9 646 | 11 414 | 12420 | 11 775 | 101,3 | 94,8 |
| Кара-Кулжа району | 11872 | 11 928 | 11 904 | 13492 | 12 327 | 101,0 | 91,3 |
| Өзгөн району | 10000 | 9 445 | 10 755 | 12242 | 11 949 | 101,2 | 97,6 |
| Чоң-Алай району | 14201 | 14 646 | 15 525 | 16828 | 16 935 | 101,2 | 100,6 |
| Ош шаары | 13 274 | 13804 | 14866 | 15726 | 15 764 | 101,2 | 100,2 |

Булак: КРнын Улуттукстаткомунун маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлгөн [www.stat.kg]

Регионду азык-түлүк менен камсыз кылуунун негизи катары тамак-аш азыктарын өндүрүү региондук бийлик органдарынын артыкчылыктуу милдеттеринин катарына кириши керек. 2021-жылы Ош облусунун өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндө тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн салыштырма салмагы 3,7%ды гана түзгөн. Акыркы 5 жыл ичинде облустагы өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн жана тамак-аш продукциясын өндүрүүнүн көлөмүнүн өзгөрүү тенденциялары 3-сүрөттө чагылдырылды.




3-сүрөт. 2017-2021-жылдарда Ош облусунда өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн жана тамак-аш продукциясын өндүрүүнүн көлөмүнүн динамикасы

Булак: КРнын Улуттукстаткомунун маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлгөн [www.stat.kg]

Белгилей кетсек, Ош облусунда негизги 9 азык-түлүктүн ичинен кант гана өндүрүлбөйт, калган азык-түлүктөр айыл чарба чийки затын өнөр жайлык кайра иштетүүнүн натыйжасы катары өтө аз көлөмдө өндүрүлөт, б.а. региондун калкынын керектөөсүн жаба албайт.

Төмөндөгү таблицада Ош облусунун өнөр жайы тарабынан акыркы жылдардагы тамак-аш азыктарын өндүрүү боюнча физикалык жактан берилген маалыматтар келтирилген (4-таблица).

**4-таблица.2017-2021-жылдарда Ош облусунда тамак-аш азыктарынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн анализи**

| | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2021-ж. 2017-ж. карата % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эт жана тамак-аш субпродуктулары, *тонна* | 4574,5 | 4727,4 | 5033,9 | 4706,1 | 5061,6 | 110,6 |
| Колбаса азыктары, *тонна* | - | 7,6 | 14,9 | 19,5 | 31,4 | 413,2 |
| Өсүмдүк майы, *тонна* | 923,6 | 867,3 | 751,6 | 508,7 | 402,4 | 43,6 |
| Дан эгиндеринен жасалган ун, *миң тонна* | 27,6 | 24,7 | 28,4 | 25,0 | 17,8 | 64,5 |
| Жаңы нан, *миң тонна* | 5,3 | 5,5 | 5,8 | 4,9 | 5,3 | 100,0 |
| Макарон, кесме, кускус жана ун азыктары окшош, *тонна* | 114,8 | 112,5 | 114,3 | 104,4 | 78,0 | 67,9 |
| Балмуздак жана ушул сыяктуу тоңдурулган азыктар, *тонна* | 40,1 | 42,7 | 45,6 | 39,6 | 29,6 | 73,8 |
| Тазаланган күрүч, *тонна* | 879,1 | 996,4 | 1366,6 | 1177 | 1115,8 | 126,9 |
| Кайра иштетилген жана консервалан-ган жемиштер, жашылчалар жана козу карындар, *тонна* | 220,4 | 166,2 | 168,0 | 87,0 | 119,2 | 54,1 |
| Кургатылган нан жана печенье; узак мөөнөт сакталуучу кондитердик азыктар жана пирожныйлар, *тонна* | 531,4 | 517,7 | 505,7 | 389,6 | 444 | 83,6 |
| Сыра, *миң литр* | 189,2 | 193,0 | 194,7 | 88,0 | 176,1 | 93,1 |
| Алкоголсуз суусундуктар, *миң литр* | 37,4 | 37,3 | 44,0 | 45,1 | 310,5 | 830,2 |
| Минералдык, газдалган, таттууланбаган жана жыпар жыттанбаган минералдык суулар, *миң литр* | 49,5 | 65,0 | 770,9 | 217,4 | 526,0 | 1062,6 |

Булак: КРнын Улуттукстаткомунун маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлгөн [www.stat.kg]

4-таблицанын маалыматтары боюнча акыркы 5 жылда Ош облусунда минералдык сууларды өндүрүүнүн көлөмү жогорку темп (10 эседен ашык), алкоголсуз суусундуктарды (8,3 эсе), колбаса азыктарын (4 эседен ашык) менен өскөнүн көрүп турабыз, тазаланган күрүчтү (26,9% га), этти жана тамак-аш субпродуктыларын (10,6% га) өндүрүүнүн көлөмү өсүштүн оң тенденциясы менен мүнөздөлөт. Ал эми өсүмдүк майын (2 эседен ашык), кайра иштетилген жемиштерди жана жашылчаларды (55,9%га), унду (35,5%га), макарон азыктарын өндүрүү (32,1% га) кыскарган.

5-таблицада Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык Ош облусунда өндүрүлгөн айыл чарба продукциясын сатуунун көлөмү тууралуу маалымат берилген.

**5-таблица.2017-2021-жылдарда Ош облусу боюнча айыл чарба продукциясынын негизги түрлөрүн сатуунун анализи, тонна**

| | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** | **2021** | 2021-ж. 2017-ж. карата % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан эгиндери | 133065,2 | 146719,6 | 151086,0 | 161218,7 | 140498,1 | 105,6 |
| Пахта | 27592,9 | 31997,0 | 34915,5 | 30699,0 | 28642,2 | 103,8 |
| Тамеки | 133,3 | 133,1 | 126,1 | 126,3 | 822,9 | 617,3 |
| Картошка | 130506,5 | 126136,3 | 109315,8 | 104935,2 | 94811,8 | 72,6 |
| Жашылча | 123471,9 | 142372,1 | 134015,9 | 133269,5 | 126505,1 | 102,5 |
| Азык-түлүк бахча | 52516,9 | 54725,2 | 51998,7 | 49538,9 | 42859,9 | 81,6 |
| Жемиштер жана мөмөлөр | 40443,2 | 40380,8 | 41958,9 | 41011,4 | 41266,1 | 102,0 |
| Мал жана канаттуулар (тирүү салмакта) | 59626,7 | 63958,3 | 51032,1 | 51244,1 | 43992,5 | 73,8 |
| Чийки сүт | 191658,8 | 228377,5 | 220514,0 | 224503,8 | 226207,9 | 118,0 |
| Жумуртка, миң даана | 29460,3 | 30143,5 | 43715,0 | 46341,1 | 43789,1 | 148,6 |
| Жүн (физикалык салмакта) | 899,7 | 716,3 | 720,7 | 722,6 | 664,0 | 73,8 |

Булак: КРнын Улуттукстаткомунун маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлгөн [www.stat.kg]

Демек, 2021-жылы өндүрүлгөн 140498,1 тонна дандын 306939,8 тоннасы, өндүрүлгөн 94811,8 тонна картошканын 207365,6 тоннасы, өндүрүлгөн 126505,1 тонна жашылчанын 179111,8 тоннасы, 43992,5 тонна эттин – 87256,6 тоннасы, 226207,9 тонна сүттүн - 335023,5 тоннасы, 43789,1 миң даана жумуртканын - 64196,9 миң даанасы сатылган.

5 жылдын динамикасында тоок жумурткаларын сатуунун көлөмү 48,6%га, чийки сүт 18%га, дан эгиндери 5,6%га, жашылча-жемиштер 2-2,5%га өскөнү байкалат.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпылап, Кыргызстандын азык-түлүк коопсуздугунун төмөнкүдөй көйгөйлөрүн белгилөөгө болот:

- Кыргызстанда айыл чарбасынын өсүү темптери бүт экономиканын өсүү темптерине караганда төмөн, ошол эле учурда калктын санынын өсүү темптери салыштырмалуу жогору;
- өлкө кумшекер, өсүмдүк майы, мөмө-жемиштер, нан жана нан азыктары боюнча азык-түлүк көз карандысыздыгына жетишкен эмес;
- эт жана эт азыктары, жашылчалар, жумуртка боюнча жетишсиз керектөө байкалат;
- айыл чарба продукциясынын майда товардуулугу басымдуулук кылат, бул базалык тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн өндүрүмдүүлүгүн төмөндөтөт.

Жогорудагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн, жана муну менен өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн өбөлгө болуп экономиканы туруктуу өнүктүрүү саналат.

Үчүнчү **“Туруктуу региондук өнүгүүдө азык-түлүк коопсуздугунун механизмин жакшыртуу”** деп аталган бапта Кыргыз Республикасынын

региондорунда агроөнөр жай өндүрүшүн жана агроазык-түлүк рыногун туруктуу өнүктүрүү боюнча чаралар сунуш кылынды; республиканын региондорунун калкын азык-түлүк менен камсыз кылуунун азык-түлүк инфраструктурасын жакшыртуу механизми иштелип чыкты.

Диссертациянын изилдөө объектиси болуп саналган Ош облусу, эзелтен агрардык регион болуп саналат, анда айыл чарбасын жана АӨЖКни өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттар бар. Ош облусун туруктуу өнүктүрүү, жана аны менен региондун калкынын азык-түлүк менен камсыз болушун камсыздоо натыйжалуу агроөнөр жай реформасын жүргүзүүнүн, агроөнөр жай потенциалын жогорулатуунун, инновациялык технологияларды кийирүүнүн, «жашыл технологияларды» алга жылдыруунун, айыл чарба продукциясын терең кайра иштетүүнүн эсебинен гана мүмкүн деп эсептейбиз.


Биздин оюбузча, Кыргызстан айыл чарба өндүрүшү жаатындагы өзүнүн экономикалык потенциалын эки жол менен кыйла натыйжалуу пайдалана алат: биринчиден, бар потенциалды жана биринчи кезекте жер жана суу ресурстарын өстүрүү жана бир эле учурда натыйжалуу пайдалануу жолу боюнча; экинчиден, өндүрүштүн негизги факторлорун сапаттуу жакшыртуунун эсебинен.

Ош облусунун айыл чарба, мергенчилик жана токой чарба продукциясын дүң чыгаруу көрсөткүчтөрү менен региондук дүң продукттун өз ара байланышын изилдөө максатында 2-таблицасынын маалыматтарын негизинде 2017-жылдан 2021-жылга чейинки көрсөткүчтөрдүн корреляциялык-регрессиялык анализи жасалды. Эсептөөлөрдүн натыйжасында корреляция коэффициенти ($r$) 0,980ге барабар, б.а. изилденип жаткан көрсөткүчтөрдүн ортосундагы байланыш - түз, Чеддок шкаласы боюнча байланыштын тыгыздыгы – абдан жогору экендиги аныкталды. Боштук даражаларынын саны ($f$) 14тү түздү, Стьюденттин $t$-критерийи 18,490га барабар. Стьюденттин $t$-критерийинин критикалык мааниси ушул боштук даражаларынын санында 2,145 болуп, $t_{байк}>t_{крит}$, бул белгилердин көз карандылыгы статистикалык жактан маанилүү экендиги тууралуу кабар берет ($p$=0.000000). Жуптук сызыктуу регрессиянын теңдемеси төмөнкүдөй түрдө болот:

$$y = -499,68127 + 0,93612x \quad (1)$$

Мындан детерминация коэффициенти $r^2$ 0,961ди түздү ($x$ фактордук белгиси $y$ көз каранды белгисинин 96,1% дисперсиясын аныктайт).

Айыл чарба продукциясынын дүң чыгарылышы оң тенденцияга ээ экендиги көрүнүп турат(4-сүрөт). Болжолдоо үчүн тренддик моделдери колдонулат. Компьютерде эсептөөлөрдү колдонуп, ылайыктуу тренддик моделди аныктайбыз.





4-сүрөт. 2017-2021-жылдары Ош облусунун айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукцияларынын дүң чыгарылышынын динамикасы.

Булак: КРнын Улуттукстаткомунун маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлгөн [www.stat.kg]

Биздин учурда, сызыктуу функция айыл чарбасынын дүң өндүрүшүнүн динамикасын жакшыраак көрсөтөт. Бул функция статистикалык жактан маанилүү, анткени детерминация коэффициентинин мааниси $R^2$=*0,8709 (87,09%)*ге барабар. Аппроксимациянын орточо катасы 5%ды түзөт, башкача айтканда мындай мааниде прогноздоо үчүн теңдемени колдонууга болот.

$$y=3344,011x+51320,133 \quad (2)$$

Жогоруда келтирилген сызыктуу регрессиянын жардамы менен 2023-2030-жылдарга айыл чарба продукциясынын дүң чыгарылышынын прогноздук көрсөткүчтөрүн аныктайбыз.




5-сүрөт. 2023-2030-жылдарга Ош облусунун айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукцияларынын дүң чыгарылышынын өсүшүнүн прогнозу (млн. сом)

Булак: автор тарабынан түзүлгөн

Прогноздук маанилер көрсөткөндөй 2030-жылы айыл чарба продукцияларын дүң чыгаруунун өсүшү 2022-жылга салыштырмалуу 26453,2 млн.сомго көбөйөт жана өсүү темпи 39,9% түзөт.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында региондун агроазык-түлүк секторуна колдоо көрсөтүүнүн базасында азык-түлүк коопсуздугун камсыз

кылуунун концептуалдык модели сунушталды (6-сүрөт). Модель агроазык-түлүк секторуна колдоо көрсөтүү саясатынын чараларын ишке ашыруунун, алсак, баа стимулдарынын, баалардын көзөмөлүнүн, бюджеттик субсидиялардын жана мамлекеттин АӨЖКти өнүктүрүү жаатындагы саясатынын натыйжасында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатына жетүүнү көздөйт.





6-сүрөт. Агроазык-түлүк секторуна колдоо көрсөтүүнүн базасында калктын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун модели

Булагы: автор тарабынан түзүлдү

Анда кайсы чаралар агроазык-түлүк системасынын кайсы конкреттүү подсистемаларын жана азык-түлүк жеткирүүлөрүнүн чынжырчаларын өнүктүрүүгө багытталганы, ошондой эле азык-түлүк чөйрөсүнүн кайсы факторлору натыйжаларга таасир тийгизиши мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн.

Региондун айыл чарбасын туруктуу өнүктүрүүнүн базасында анын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун уюштуруу-экономикалык механизмин сунуш кылабыз, ал түз мамлекеттик каржылык жана кыйыр акча-насыялык жөнгө салуу ыкмаларына, пландоонун жана башкаруунун программалык-максаттуу ыкмасына, ошондой эле материалдык агымдарды жана азык-түлүк ишмердүүлүгүн жөнгө салуу ыкмаларына негизделген (3.2-сүрөт).

Сунушталган механизмде регионду туруктуу өнүктүрүү максатына жетүүнүн экономикалык шаймандары болуп агрардык товар өндүрүүчүлөргө колдоо көрсөтүү үчүн мамлекеттик субсидиялар, дотациялар, салыктык жеңилдиктер, жеңилдетилген насыялар, камсыздандыруу жаатындагы компенсациялар, ошондой эле максаттуу комплекстүү өнүктүрүү программалары, бааларды жөнгө салуу, лицензия берүү, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк саналат.




7-сүрөт. Региондун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун уюштуруу-экономикалык механизми

Булагы: автор тарабынан түзүлдү

## ТЫЯНАКТАР:

Диссертациялык иш региондун туруктуу өнүгүүсүндө азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу механизмин өркүндөтүү маселесин комплекстүү чечүүнү көздөйт. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары төмөнкү тыянактарды чыгарууда мүмкүндүк берди:

1. Региондун азык-түлүк коопсуздугу түшүнүгүнүн маңызына жана мазмунуна ар бир адамдын конкреттүү аймакта дени сак жана жемиштүү жашоо өткөрүшү үчүн керектүү азыктардын саны менен камсыз болушу, ошол аймакта анын азык түлүк менен туруктуу жана кепилденген камсыз кылынышы катары тактоолор киргизилди; «өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугу» терминин чечмеленишине өлкөнүн, региондун жана жарандын азык-түлүк менен камсыз кылынышы үчүн мамлекеттин жоопкерчилигин кошуу сунушталды.

2. Азык-түлүк коопсуздугу – комплекстүү көйгөй, аны агроазык-түлүк системасынын туруктуу өнүгүүсүнө жетүү шарттарында гана чечүү мүмкүн экендиги негизделди.

3. Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы натыйжалуу саясаттын негизинде коомдун ар түрдүү топторунун, эң оболу, азык-түлүк коопсуздугу чөйрөсүндөгү мамилелердин субъектилеринин - азык-түлүктү керектөөчүлөр менен аны өндүрүүчүлөрдүн жана импорттоочулардын

кызыкчылыктарынын ортосундагы туруктуу баланс жатышы керек экендиги аныкталды. Кыргызстандын азык-түлүк коопсуздугу жаатындагы саясаты калктын эң аз камсыз болгон катмарларын коргоого жана тамактануунун түзүмүн жакшыртууну максат кылат.

4. Азык-түлүк коопсуздугунун негизги критерийлери жалпыланды: тамактануу рационунун компоненттерине жана энергетикалык курамына физиологиялык муктаждыктарды канааттандыруу деңгээли; тамак-аш азыктарынын коопсуздук көрсөткүчтөрүнө ылайык келиши; азык-түлүктүн физикалык жана экономикалык жактан жеткиликтүүлүгү; өлкөнү азык-түлүк менен камсыздоонун жана АӨЖКин ресурстук камсыздоонун импорттук ташуулардан көз карандылыгы; ченемдик муктаждыктарга ылайык стратегиялык жана ыкчам азык-түлүк запастарынын көлөмү, ал эми региондун алкагында – региондун базалык тамак-аш азыктары менен өзүн-өзү камсыздоо деңгээли.

5. Азык-түлүк коопсуздугунун чечүүчү аспектилери: азык-түлүктүн жеткиликтүүлүгү, болушу, туруктуулугу жана пайдаланылышы боюнча Кыргыз Республикасы ЕАЭБ өлкөлөрүнүн арасынан акыркы орундарды ээлейт экендиги аныкталды. Кырдаалды COVID-19 пандемиясынын кесепетинен келип чыккан экономикалык каатчылык курчутуп, калктын жашоо деңгээлине, кирешелерине жана тамак-аш азыктарынын бааларына таасирин тийгизди, бул калктын сатып алуучулук жөндөмдүүлүгүн жана азык-түлүктүн экономикалык жактан жеткиликтүүлүгун начарлаткан. Кыргызстандын азык-түлүктүн импортунан көз карандылыгы 80% түзөт, мында нан жана нан азыктары боюнча көз карандылык 80%,эт жана эт азыктары боюнча – 90%, өсүмдүк майы боюнча - 90%, тоок жумурткасы боюнча - 40%, кумшекер - 40% жана мөмө-жемиштер жана жашылчалар боюнча – 40%.

6. Комплекстүү баалоонун натыйжасында Кыргыз Республикасынын жана анын региондорунун азык-түлүк менен камсыз кылуудагы көйгөйлөр аныкталды, алардын катарына калктын жакырчылыгынын жана жумушсуздуктун жогорку деңгээли; калктын санынын бийик өсүү темптеринде айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүнүн төмөн өсүү темптери жана майда товардуулугу; базалык азыктар боюнча импорттон азык-түлүк көз карандылыгы; эт жана эт азыктарын, кумшекерди, мөмө жемиштерди, жумуртканы ж.б. керектөөнүн жетишсиздиги киргизилди.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

1. «Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугу» деген түшүнүкө өлкөнүн, аймактын жана ар бир жарандын азык-түлүк менен камсыз болушу үчүн мамлекеттин жоопкерчилигин кошуу жолу менен азык-түлүк коопсуздугу түшүнүгүнүн маңызын жана мазмунун тактоо сунушталды.

2. Азык-түлүк коопсуздугун баалоо критерийлерин тактоо жана толуктоо менен региондун азык-түлүк коопсуздугунун проблемаларын чечүүгө стратегиялык мамиле иштелип чыкты.

3. Коомдун ар кандай топторунун кызыкчылыктарынын ортосундагы туруктуу балансты пайдалануу менен бул жааттагы натыйжалуу саясаттын негизи катары өлкөнүн жана анын региондорунун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга стратегиялык милдеттер аныкталган жана мамилелер системалаштырылган.

4. Региондун агроазык-түлүк секторуна колдоо көрсөтүүнүн базасында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун концептуалдык модели иштелип чыкты жана сунушталды, ал агроазык-түлүк секторуна колдоо көрсөтүү саясатынын чараларын ишке ашыруунун, алсак, баа стимулдарынын, баалардын көзөмөлүнүн, бюджеттик субсидиялардын жана мамлекеттин АӨЖКти өнүктүрүү жаатындагы саясатынын натыйжасында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатына жетүүнү көздөйт. Анда кайсы чаралар агроазык-түлүк системасынын кайсы конкреттүү подсистемаларын жана азык-түлүк жеткирүүлөрүнүн чынжырчаларын өнүктүрүүгө багытталганы, ошондой эле азык-түлүк чөйрөсүнүн кайсы факторлору натыйжаларга таасир тийгизиши мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн.

5. Региондун АӨЖК туруктуу өнүктүрүүнүн базасында анын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун уюштуруу-экономикалык механизми сунуш кылынды, ал түз мамлекеттик каржылык жана кыйыр акча-насыялык жөнгө салуу ыкмаларына, пландоонун жана башкаруунун программалык-максаттуу ыкмасына, ошондой эле материалдык агымдарды жана азык-түлүк ишмердүүлүгүн жөнгө салуу ыкмаларына негизделген.

6. Кыргыз Республикасында жана региондук деңгээлдерде азык-түлүк коопсуздугунун бардык компоненттери боюнча маалыматтарды жыйноонун, мониторинг жана анализ жүргүзүүнүн жана берүүнүн оптималдуу системасын түзүү сунуш кылынды.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. Асанов М.А. Продовольственная безопасность – основа национальной безопасности Кыргызской Республики [Текст] / Асанов М.А. // Известия ВУЗов. – 2012. – №8. – Бишкек. – С.74-77.http://science-journal.kg/ru/journal/2/archive/7159

2. Асанов М.А. Проблемы и перспективы развития продовольственного рынка Кыргызстана [Текст] / Асанов М.А. // Наука и новые технологии. –2013. – №6.– Бишкек. – С.95-97. https://elibrary.ru/item.asp?id=25118510

3. Асанов М.А. Современное состояние обеспечения населения продовольствием в Кыргызстане [Текст] / Асанов М.А. // Наука и новые технологии. – 2013 –№6. – Бишкек. – С.100-102. https://elibrary.ru/item.asp?id=25118512

4. Асанов М.А.Архитектура продовольственной проблемы и основные этапы их удовлетворения [Текст] / Асанов М.А. // Международный научный журнал «Поиск». – 2014. – №3. – Алматы. – С.165-170. https://drive.google.com/file/d/1M2QaKtBMMhH-u3I05KI_Gzcs5TaJx2UY/view?usp=sharing

5. Асанов М.А. Стратегические пути решения продовольственной проблемы Кыргызской Республики [Текст] / Асанов М.А. // Вестник ОшГУ. –2014. – №4. – Ош. – С.138-142.https://base.oshsu.kg/univer/temp/url/ilim/2014-4-1-v.pdf

6. Асанов М.А. Стратегический подход решения продовольственной безопасности Кыргызской Республики [Текст] / Асанов М.А. // Вестник университета «Кайнар». – 2014. –№4/1.– С. 90-93. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28408153
7. Асанов М.А. Проблемы финансового обеспечения продовольственной безопасности в Кыргызской Республике [Текст] / Асанов М.А. // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. –2014. –№4 (7). – С. 48-51. https://drive.google.com/file/d/1lUlw0F5KO1qVMwWv0sy10khNvomuLmue/view?usp=sharing
8. Асанов М.А. Региондорду азык-түлүк менен камсыздоо көйгөйлөрү [Текст] / Асанов М.А. // Вестник КЭУ им. М.Рыскулбекова. –2015. –№4(34). – Бишкек. – С. 17-20. https://elibrary.ru/download/elibrary_45711389_36441018.pdf
9. Асанов М.А. Рыночный механизм решения продовольственной безопасности Кыргызской Республики [Текст] /Асанов М.А. , Асанова С.А. // Известия ВУЗов. – 2015. – №2. – С. 152-154. https://elibrary.ru/item.asp?id=23936603
10. Асанов М.А.Совершенствование деятельности агропромышленного производства – основа решения продовольственной безопасности Кыргызской Республики [Текст]/Асанов М.А.// Материалы научно-практической конференции на тему “Инновация в технике и технологии”. Филиал технологического университета Таджикистана. –2015. – Исфара. С.98 – 104. https://drive.google.com/file/d/15lIub378jZz1GHbnJDPYndw6seJa0-6A/view?usp=sharing
11. Асанов М.А. Проблемы и перспективы финансового обеспечения продовольственной безопасности населения регионов Кыргызстана [Текст] / Асанов М.А.//Вестник ОшГУ. –2016. –№3. –Ош. –С.88-91. https://drive.google.com/file/d/124phb_OePvBk8uGMDjBR-rH4_OrHf0fI/view?usp=sharing
12. Асанов М.А. Анализ современного состояние обеспечение продовольствием населения в Кыргызстане [Текст]/Асанов М.А.// «Economics». – 2016. – №10 (19). – Россия, г. Иваново. – С.22 – 24. https://elibrary.ru/item.asp?id=27198535
13. Асанов М.А.Проблемы финансового обеспечения населения и покрытия расходов на продовольствие в Кыргызстане [Текст] /Асанов М.А.// Научный журнал. –2017. – №10 (23). –Россия, г.Иваново.–С.21-24. https://elibrary.ru/item.asp?id=30742710
14. Асанов М.А. Интеграция сельскохозяйственной промышленности регионов как элемент системы продовольственной безопасности Кыргызстана [Текст] /Асанов М.А.// Вестник КЭУ им. М. Рыскулбекова. –2019. –№2. –С.23 – 26.https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45694717
15. Асанов М.А. Методологические основы оценки продовольственной безопасности Кыргызстана и ее регионов [Текст] /Асанов М.А.// Финансово-кредитные механизмы регулирования и развития экономики стран СНГ.Материалы международной научно-практической конференции. – Душанбе:РТСУ. –2019. – С.30-32.https://drive.google.com/file/d/12sqejB492WBz7q4uaSUGD19a_kX1Ehfe/view?usp=sharing
16. Асанов М.А.Анализ результатов сельскохозяйственного производства по основным показателям продовольственной безопасности в Кыргызстане [Текст]/Асанов М.А., Тойчиева Б.Ж.// Вестник Международного университета имени К.Ш. Токтомаматова. –2020. –№2. – Ош. – С.110 – 113. https://mnu.kg/wp-content/uploads/2022/10/vestnik-2020-2.pdf
17. Асанов М.А.Азык-түлүк коопсуздугунун алкагында экономикалык-математикалык методдордун негизинде айыл чарба өндүрүшүнүн чыгашаларын

анализдөө жана прогноз жүргүзүү [Текст]/Асанов М.А., Тойчиева Б.Ж.// Научно-технический журнал "Известия ОшТУ". – 2020. – №1. – С.240-243. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45826025
18. Асанов М.А. Значение продовольственной безопасности в социально-экономической ситуации в Кыргызской Республике жүргүзүү [Текст] / Асанов М.А. , Айбашев М.Ж. // Вестник филиала РГСУ в г. Ош. –2021. –№2(24). –С.11-16.https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48122078
19. Асанов М.А. Оценка продовольственной безопасности Кыргызской Республики и ее регионов в условиях бедности [Текст]/Асанов М.А.// Современные гуманитарные исследования. Издательство «Спутник +». –2022. –№1 (104). –Москва. –С. 9-12.https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48173592
20. Асанов М.А. Роль денежных переводов трудовых мигрантов в обеспечении продовольственной безопасности регонов Кыргызстана [Текст]/Асанов М.А. //Международный журнал гуманитарных и естественных наук. ООО «Капитал». –2022. –№ 4-4 (67). – Новосибирск. – С. 24-26. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48491525
21. Асанов М.А. Роль социальной защиты в снижении рисков продовольственной безопасности регионов Кыргызской Республики [Текст]/Асанов М.А.// Вопросы экономических наук. – 2022. – №2 (114). – С. 8-11.https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48224860
22. Асанов М.А. Проблемы обеспечения продовольственной безопасности регионов Кыргызской Республики в условиях развития сельского хозяйства и агропромышленного комплекса. Вопросы управления и экономики: современное состояние актуальных проблем [Текст]/Асанов М.А., Култаев Т.Ч.// Сб. ст. по материалам LXVIII междунар. науч.-практ. конф.– М., Изд. «Интернаука». –2023. – № 2 (61). – С.35-40. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50761577
23. Асанов М.А.Продовольственный рынок в системе обеспечения продовольственной безопасности региона Кыргызстана [Текст]/Асанов М.А., Култаев Т.Ч.// Актуальные вопросы современных научных исследований: сборник статей III Международной научно-практической конференции. – Пенза: МЦНС«Наука и Просвещение». – 2023. – С.88-92. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=53737190
24. Асанов М.А.Обеспечение продовольственной безопасности – основа устойчивого развития региона [Текст]/Асанов М.А.// Экономика и бизнес: теория и практика. ООО «Капитал». –2023 г. – № 3-1 (97). –Новосибирск. – С. 8-11.https://elibrary.ru/item.asp?id=50412157
25. Асанов М.А.Обеспечение продовольственной безопасности региона – основа повышения уровня жизни населения [Текст]/Асанов М.А., Тойчиева Б.Ж. // Экономика и бизнес: теория и практика.ООО «Капитал». –2023. –№ 4-1 (98). –Новосибирск. –С. 15-18. https://journal.oshsu.kg/index.php/economy/article/view/660/386
26. Асанов М.А.Проблемы и перспективы обеспечения продовольственной безопасности региона в условиях инновационного развития агропромышленного комплекса [Текст]/Асанов М.А.//Вестник ОшГУ. –2023. –№1(2). –Ош. –С.9-14. https://elibrary.ru/item.asp?id=50360377&pff=1
27. Асанов М.А. Состояние и тенденции обеспечения продовольственной безопасности в устойчивом развитии региона (на примере Ошской области Кыргызской Республики) [Текст]/Асанов М.А.// Экономика и бизнес: теория и практика. ООО «Капитал». –2023. –№ 6-1 (100). –Новосибирск –С. 23-26. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54191059

**Асанов Мирлан Алимбековичтин 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Регионду туруктуу өнүктүрүүдө азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу механизмин өркүндөтүү (Ош облусунун мисалында)" деген темада жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ


**Ачкыч сөздөр:** азык-түлүк коопсуздугу, туруктуу өнүгүү, агроөнөр жай комплекси, рационалдуу тамактануу, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу механизми, азык-түлүк коопсуздугуна мониторинг жүргүзүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын жана Ош облусунун азык-түлүк коопсуздугунун жана агроөнөр жай комплексинин абалы.

**Изилдөөнүн максаты:** агроөнөр жай өндүрүшүн, айыл чарба азыктүлүк рыногун жана калкты азык-түлүк менен камсыз кылуунун өндүрүштүк инфраструктурасын туруктуу өнүктүрүүнүн базасында Кыргызстандын региондорунун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу механизмин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору:**диалектикалык, системдик методдор, абстракттуу-логикалык анализ, экономикалык-статистикалык анализдин ыкмалары, социологиялык сурамжылоо, логикалык моделдөө жана башкалар.

**Алынган натыйжалар:** азык-түлүк коопсуздугу түшүнүгүнүн маңызына, мазмунуна жана аны камсыз кылуу механизмдерине тактоолор киргизилди; туруктуу өнүгүүгө басым жасоо менен өлкөнүн жана анын региондорунун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун стратегиялык милдеттерин чечүүгө болгон мамилелер системалаштырылды; азык-түлүк коопсуздугун баалоонун критерийлери такталды жана толукталды; региондун азык-түлүк коопсуздугун жогорулатууга таасир этүүчү факторлор аныкталды жана системалаштырылды; Кыргыз Республикасынын жана Ош облусунун азык-түлүк коопсуздугунун, тамактануусунун жана калктын тамак-аш азыктары үчүн төлөө жөндөмдүүлүгүнүн азыркы абалына комплекстүү баа берилди; агроөнөр жай комплексин жана Кыргызстандын айыл чарба азык-түлүк рыногун туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу контекстинде азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу саясатынын артыкчылыктуу багыттары негизделди жана сунуш кылынды; региондун айыл чарба азык-түлүк системасын өнүктүрүүнүн базасында региондун азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун уюштуруу-экономикалык механизми жана концептуалдык модели сунушталды.

**Колдонуу даражасы:** илимий жыйынтыктар жана сунуш кылынган рекомендациялар агроөнөр жай секторунун өндүрүшүн уюштуруу практикасында, ошондой эле тамак-аш продуктуларын сатуу жана керектөө рынокторунун ишинде колдонулушу мүмкүн. Диссертацияда иштелип чыккан сунуштарды жана рекомендацияларды колдонуу экономиканын секторлорунун агроөнөр жай комплексинин компоненттеринин макулдашылган иш-аракетин камсыз кылууга, ошондой эле ар кандай каналдар жана рыноктун керектөө сегменттери боюнча тамак-аш азыктарынын кыймылын жана керектөөсүн жөнгө салууга өбөлгө түзөт. Изилдөөнүн айрым жыйынтыктарын Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда "Регионалдык экономика", "Макроэкономика", "Улуттук экономика", "Статистика", "Экономикалык анализ" сыяктуу дисциплиналар боюнча окуу-методикалык комплекстерди, колдонмолорду жана программаларды иштеп чыгуу үчүн колдонсо болот.

**Колдонуу чөйрөсү:** Диссертациянын жоболору жана корутундулары региондордун туруктуу өнүгүүсү менен ажырагыс байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган. Кыргыз Республикасында жана анын региондорунда азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун конкреттүү механизмдери, ошондой эле азык-түлүк коопсуздугуна жана көз карандысыздыгына мониторинг жана баа берүү боюнча сунуштар бардык деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдары тарабынан мамлекеттик жана региондук экономикалык саясатты иштеп чыгууда жана ишке ашырууда колдонулушу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Асанова Мирлана Алимбековича на тему: «Совершенствование механизма обеспечения продовольственной безопасности в устойчивом развитии региона (на примере Ошской области)», выполненной для соискания ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – отраслевая экономика**

**Ключевые слова**: продовольственная безопасность, устойчивое развитие, агропромышленный комплекс, рациональное питание, механизм обеспечения продовольственной безопасности, мониторинг продовольственной безопасности.

**Объект исследования:** состояние продовольственной безопасности и агропромышленного комплекса Кыргызской Республики и Ошской области.

**Цель исследования:** разработка механизма обеспечения продовольственной безопасности регионов Кыргызстана на базе устойчивого развития агропромышленного производства, агропродовольственного рынка и производственной инфраструктуры обеспечения населения продовольствием.

**Методы исследования:** диалектический, системный методы, абстрактно-логический анализ, экономико-статистические методы анализа, социологический опрос, логическое моделирование и др.

**Полученные результаты:** внесены уточнения в сущность и содержание понятия продовольственной безопасности и механизмов ее обеспечения; систематизированы подходы к решению стратегической задачи обеспечения продовольственной безопасности страны и ее регионов с акцентом на устойчивое развитие; уточнены и дополнены критерии оценки продовольственной безопасности; выявлены и систематизированы факторы, влияющие на повышение продовольственной безопасности региона; выполнена комплексная оценка современного состояния продовольственной безопасности, питания и платежеспособности населения за продукты питания Кыргызской Республики и Ошской области; обоснованы и предложены приоритетные направления политики обеспечения продовольственной безопасности в контексте обеспечения устойчивого развития АПК и агропродовольственного рынка Кыргызстана; предложены организационно-экономический механизм и концептуальная модель обеспечения продовольственной безопасности региона на базе развития агропродовольственной системы региона.

**Степень использования:** научные результаты и предложенные рекомендации могут быть использованы в практике организации производства агропромышленного сектора, а также работе потребительских рынков касательно реализации и потребления продуктов питания. Применение предложений и рекомендаций, разработанных в диссертации, способствует обеспечению согласованного действия составляющих АПК секторов экономики, а также регулированию движения и потребления продуктов питания по различным каналам и потребительским сегментам рынка. Отдельные результаты исследования можно использовать в вузах КР для разработки учебно-методических комплексов, пособий и программ по дисциплинам: «Региональная экономика», «Макроэкономика», «Национальная экономика», «Статистика», «Экономический анализ» и др.

**Область применения:** Положения и выводы диссертации направлены на решение проблем, которые неразрывно связаны с устойчивым развитием регионов. Конкретные механизмы обеспечения продовольственной безопасности Кыргызской Республики и ее регионов, а такде рекомендации по проведению мониторинга и оценке продовольственной обеспеченности и независимости могут применяться органами государственной власти на всех уровнях при разработке и реализации государственной и региональной экономической политики.

## SUMMARY

**Dissertation work of Asanov Mirlan Alimbekovich on the topic: "Improving the mechanism for ensuring food security in the sustainable development of the region (on the example of the Osh region)", completed for the academic degree of candidate of economic sciences in the specialty 08.00.05 - industrial economics**

**Key words:** food security, sustainable development, agricultural sector, rational nutrition, mechanism for ensuring food security, food security monitoring.

**Object of study:** the state of food security and agro-industrial complex of the Kyrgyz Republic and Osh region.

**The purpose of the study:** to develop a mechanism for ensuring food security in the regions of Kyrgyzstan based on the sustainable development of agro-industrial production, the agri-food market and the production infrastructure for providing food to the population.

**Research methods:** dialectical, systemic methods, abstract logical analysis, economic and statistical methods of analysis, sociological survey, logical modeling, etc.

**Results obtained:** clarifications were made to the essence and content of the concept of food security and the mechanisms for ensuring it; approaches to solving the strategic task of ensuring food security of the country and its regions with an emphasis on sustainable development have been systematized; criteria for assessing food security have been clarified and expanded; factors influencing the increase in food security in the region have been identified and systematized; a comprehensive assessment of the current state of food security, nutrition and the solvency of the population for food products in the Kyrgyz Republic and Osh region was carried out; the priority directions of policy for ensuring food security in the context of ensuring sustainable development of the agro-industrial complex and the agri-food market of Kyrgyzstan are justified and proposed; An organizational and economic mechanism and a conceptual model for ensuring food security in the region based on the development of the region's agri-food system are proposed.

**Degree of use:** scientific results and proposed recommendations can be used in the practice of organizing production in the agro-industrial sector, as well as in the work of consumer markets regarding the sale and consumption of food products. The use of proposals and recommendations developed in the dissertation helps to ensure the coordinated action of the constituent sectors of the agro-industrial complex of the economy, as well as the regulation of the movement and consumption of food products through various channels and consumer segments of the market. Some of the research results can be used in universities of the Kyrgyz Republic to develop educational and methodological complexes, manuals and programs in the disciplines: "Regional economics", "Macroeconomics", "National economics", "Statistics", "Economic analysis", etc.

**Application area:** The provisions and conclusions of the dissertation are aimed at solving problems that are inextricably linked with the sustainable development of regions. Specific mechanisms for ensuring food security in the Kyrgyz Republic and its regions, as well as recommendations for monitoring and assessing food security and independence, can be used by government authorities at all levels in the development and implementation of state and regional economic policies.